DOI: 10.26104/NNTIK.2022.55.19.045

*Эркинбеков К.Э.*

# ЭТНИКАЛЫК САЯСАТТЫН ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДАГЫ ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

*Эркинбеков К.Э.*

# МЕСТО ЭТНИЧЕСКОЙ ПОЛИТИКИ В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

*K. Erkinbekov*

# THE PLACE OF ETHNIC POLICY IN THE CONDITIONS OF GLOBALIZATION

*УДК: 323.1*

*Автордун аталган илимий макаласында ааламдашуу шартындагы этникалык саясаттын ээлеген орду каралат, андан тышкары анда айтылгандай, этникалык саясаттын бирден-бир маанилүү негизи катары маданияттын өзү эсептелет, ал эми органикалык бөлүгү катары биз жогоруда караган тилди айтсак болот. Биздин шартта материалдык жана рухий баалуулуктардын жыйындысы катары каралган, конкреттүү этностун салыштырмалуу башкаларга ийкемдүү жана автономдуу руханий системасында жүзөгө ашкан маданият өзүнө адамзаттын жашоо ишмердүүлүгүнүн уюштуруусунун жана өнүгүүсүнүн спецификалык ыкмасын өзүнө камтып турат. Өзүнө эволюциялык жол менен өнүгүү системаны дайыма камтуу менен маданият бир эле убакта социалдык жашоонун бардык негизги көрүнүштөрүндө өзгөрүү шартын камсыз кылат. Рухий чөйрөдө маданият рухийликтин ар кыл формаларын ал маселен: билимдер, нормалар, идеалдар, ишмердүүлүктөрдүн жана жүрүм-турумдардын, идеялардын жана гипотезалардын, ишенимдердин, социалдык максаттардын жана баалуулук багыттарынын ж.б.у.с. көп кырдуу үлгүлөрү катары белгилүү.*

***Негизги сөздөр:*** *цивилизация, интеграция, мамлекет, трансформация, индивид, этнос, маданият, категория, геосаясат, коом.*

*В авторской научной статье рассматривается место этнической политики в контексте глобализации, кроме того, говорится о том, что единственно важным основанием этнической политики является сама культура, органической частью которой можно назвать упомянутый выше язык. В наших условиях культура, рассматриваемая как совокупность материальных и духовных ценностей, реализуемых в гибкой и автономной духовной системе конкретного этноса, включает в себя специфический способ организации и развития жизнедеятельности человека. Постоянно охватывая систему развития эволюционным путем, культура одновременно обеспечивает условия изменения всех основных проявлений общественной жизни. В духовной сфере культура включает в себя различные формы духовности, такие как: знания, нормы, идеалы, деятельность и поведение, идеи и гипотезы, убеждения, социальные цели и ценностные ориентации и др. известны как многогранные узоры.*

***Ключевые слова:*** *цивилизация, интеграция, государство, трансформация, индивид, этнос, культура, категория, геополитика, общество.*

*The author's scientific article discusses the place of ethnic policy in the context of globalization, in addition, it is said that the only important basis for ethnic policy is culture itself, an organic part of which can be called the above-mentioned language. In our conditions, culture, considered as a set of material and spiritual values realized in a flexible and autonomous spiritual system of a particular ethnic group, includes a specific way of organizing and developing human life. Constantly embracing the development system in an evolutionary way, culture at the same time provides the conditions for changing all the main manifestations of social life. In the spiritual sphere, culture includes various forms of spirituality, such as: knowledge, norms, ideals, activities and behavior, ideas and hypotheses, beliefs, social goals and value orientations, etc. are known as multifaceted patterns.*

***Key words:*** *civilization, integration, state, transformation, individual, ethnos, culture, category, geopolitics, society.*

Өткөн жана азыркы кылымдарда мамлекеттердин биргелешип иш алып баруусунун натыйжалуу тобу дуулдаган экономиканын, технологиялардын, интеграциялык процесстери буга чейин болуп көрбөгөндөй темпте жүрүүдө. Батыш менен Чыгыштагы капиталдын кубаттуу жүгүртүүсү, аскердик блоктун карама-каршылыктардын курчушу, мамлекеттердин ортосундагы карама-каршы турууларынын башкача цивилизациялык мүнөзгө ээ болушуна алып келди. Мамлекеттердин ортосундагы экономикалык, саясий-социалдык мүмкүнчүлүктөрдүн айрымачылыгы глобалдуу масштабда абалды көзөмөлдөө саясий, аскердик-экономикалык блокторду, союздарды түзүүгө алып келди. Биргелешкен иш-аракеттер кандайдыр-бир ченемде аларды салыштырмалуу тынчтык эрежесине жылууга шарт түздү. Гарвард университетиндеги америкалык стратегиялык изилдөөлөр Институнун директору С. Хантингтондун пикиринде, «жаңы жүз жылдыкта мамлекеттердин классикалык карама-каршылыгы цивилизациялардын кагылышууларына трансформацияланат», - деген оюу чындыкка жакыныраак.

С.Хантингтон эсептегендей саясий маселелердин чечилишиндеги шайкештик дүйнөлүк цивилизациянын деңгээлинде эң чоң мааниге ээ. Себеби, бүгүнкү дүйнөнүн саясий түзүлүшү белгилүү бир ченемде ири кубаттуу сегиз мамлекеттин иш-аракетинен көз каранды. Мындан сырткары С.Хантингтон «дүйнөнүн саясий келбети буга чейин жашап келген салттуу цивилизацияларга байланыштуу», - дейт. Аларга анын пикири боюнча, батыш, конфуцийдик,

япондук, исламдык, индуистик, православдык-славяндык, латын-америкалык жана балким африкалык цивилизациялар кирет. «Келечектеги эң маанилүү чыр-чатактар, - деп жазат ал, -цивилизациялар ортосундагы таралуу линияларын бойлой бурулушат» [1, 33-б.].

«Биринчиден, -белгилүү америкалык окумуштуу жазгандай, - цивилизациялар ортосундагы айырмачылыктар реалдуу гана эмес. Алар – ары маңыздуу. Цивилизациялар өзүнүн тарыхы, тили, маданияты, салттары жана эң маанилүүсү, - дини боюнча окшош эмес. Ар башка цивилизациялардагы адамдар Кудай менен адамдардын, индивид менен топтун, жаран менен мамлекеттин, ата-эне менен балдардын, аял менен күйөөсүнүн ортосундагы мамилелерге ар башка карашат, укуктар менен милдеттердин, эркиндик менен мажбурлоонун, теңдик менен иеархиянын маанилүүлүгү тууралсында ар башка көз караштарга ээ» [1, 34-б.].

Аталган айырмачылыктарды азыркыга чейин эч ким четке каккан эмес, бирок аталган цивилизациялардын кагылуушусуна айласыз алып келүү үчүн алар ошончолук маңыздуу жана зарылбы? Экинчи жагынан, мамлекеттер аралык, этникалык, менталдык жана маданий айырмачылыктар канчалык каралган, мисалы мамлекеттерди аталган цивилизацияларга бириктирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн батыш жана мусулман цивилизациясында кандай механизмдер бар?

«Экинчиден, - Хантингтон көрсөткөндөй, - дүйнө ары тар боло баштайт. Ар кыл цивилизациядагы элдер ортосундагы өз ара карым-катнаш өркүндөй баштайт. Бул цивилизациялык аң-сезимдин өсүүсүнө, цивилизациялар ортосундагы жана цивилизациянын рамкасындагы жалпылыктадын айырмачылык түшүнүгүнүн тереңдөөсүнө алып келет» [1, 36-б.].

Албетте, бардык дүйнө жүзүндө белгилүү интеграциялык процесстер байкалууда, бирок алар менен катар кыйла маанилүү процесстер да жүрүүдө. Маселен: шартуу жеке цивилизациялардын рамкасында, мамлекетти бир эле цивилизациянын чегинде башкаларга каршы колдоп жаткан учурлар кездешет. Бул процессте АКШ активдүү роль ойноп жатат дешет көпчүлүк окумуштуулар.

«Үчүнчүдөн, - деп жазат Хантингтон, - экономикалык модернизациянын жана социалдык өзгөрүүлөрдүн процесстери бардык дүйнө жүзүндө адамдардын жашаган жери менен салттуу шайкештигин жууп кетирүүдө, бир эле мезгилде улуттун-мамлекеттин ролу маданияттын дал келүүсүнүн булагы катары күчүн жоготууда».

Хантингтон салттуу мамлекет жөнүндөгү түшүнүктөргө негизделген мурунку геосаясаттын классикалык жоболорун цивилизациялар деп аталган жаңы ири түзүлүштөргө нугун бурган. Ал заманбап дүйнөдөгү Батыштын өзгөчө ролу менен о.э. анын саясатчыларынын жана Хантингтондун, биринчи жагынан цивилизациянын арты менен дүйнөдөгү лидерлик ролду, экинчи жагынан – кырдаал менен убакыттын кыйратуучу таасиринен сактап калуу каалоосу менен байланыштуу болгон.

«Төртүнчүдөн, - Хантингтон көрсөткөндөй, - цивилизациялык аң-сезимдин өсүүсү Батыштын дүйнөлүк саясаттагы ролунун эки тараптуу болуусу менен шарттанууда. Биринчи жагынан, Батыш экономикалык аскердик кубаттуулуктун эң чокусунда жайгашкан, экинчи жагынан, батыштык эмес цивилизацияларды сактап калуу аларды уучу түпкү тамырларына кайтарып берүү аракеттери болууда» [1, 38-б.].

Батыш чындыгында эле өзүнүн кубаттуулук пирамиданын чокусунда жайгашкан, бирок башка улуттук цивилизацияларды сактап калууга жардам берүүсү кыйла күмөндү жаратат. Анткени алардын көпчүлүгү биздин пикирибизде, аларга кайрылып келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн анчалык алыстаган жок. Андан сырткары, конфуцийлик жана япондук цивилизациялар батыш маданиятынын көптөгөн укуктук, саясий, экономикалык, техникалык жана илимий элементтерин интенсивдүү пайдалануу менен анын эстетикалык компоненттерине кыйла сезимтал мамиле жасап, алардан баш тартуунун өзгөчө ыкмасын издешкен деле жок. Себеби экономика, илим жаатында Батыш мене Чыгыш маданияттары бири-бирине чырмалышкан десек жаңылышпайбыз. Бирок Чыгыш дайыма өзүнүн табигый геосаясий жана экономикалык кызыкчылыктарына ээ болуу үчүн алардын жүрүшү жана корголушу боюнча керектүү зарыл чараларды көрүүдө.

«Бешинчиден, маданий өзгөчүлүктөр жана айырмачылыктар, экономикалык жана саясий процесске караганда өзгөрүүгө азыраак дуушар болушат, ошондуктан аларды чечүүчү же кандайдыр бир бүтүнгө алып келүү кыйынга турат. Мурунку Советтер Союзундага коммунисттер демократ болуп, байлар кедейге, кедейлер болсо тескерисинче байларга айланып калышы мүмкүн, бирок орустар кандай гана болбосун эч убакта эстондук, ал эми азербайджандар – армян боло алышпайт» [1, 40-б.].

Айта кетүүчү нерсе маданий айырмачылыктардын негизинде келип чыккан маселелерди чечүү же оптималдуу абалга алып келүү таптакыр колдон келчү иш эмес дегенди түшүндүрбөйт. Мындай маанидеги көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору аскердик мүнөзгө ээ болуп калбашы үчүн кандай гана болбосун аларды чечүүгө туура келет. Экинчи жагынан, качан маданий айырмачылыктарга байланыштуу түзүлгөн чыр-чатактуу кырдаалдарды одоно ыкмалар менен чечүү, же тактикалык, стратегиялык кадамдар маданий маселелердин үстүнөн үстөмдүк кылат. Жыйынтыгы эмнеге

алып келээрин тарых ар кыл мисалдар менен далилдеп турат. Алсак Косово чыр-чатагында Батыш, өзгөчө АКШ мусулмандарды христиандарга жана автохтондуу европалыктарга каршы колдогондо, же качан Европа бат-баттан Турцияны Россияга каршы колдогондо (азыркыга чейин эле колдоодо); же эки жолку болгон дүйнөлүк согуштагы болгон чыр-чатактар жогорудагы биздин айткан оюбузга так далил катары мисал боло алат.

«Ошентип экономикалык регионалдык өркүндөөдө, -деп жазат америкалык геосаясатчы, ички –аймактык соода айлануусунун үлүшү 1980-1989-жж. Европада 51% дан 59% чейин, 33% дан 37% чейин Түштүк-Чыгыш Азияда жана 32%дан 36% чейин Түндүк Америкада өскөн» [1, 42-б.].

С.Хантингтондуку жогоруда айткандары туурабы же туура эмеспи, ал саясий илимдин өкүлү болуп эсептелеби же жокпу, ал азыркы учурдагы философиялык илимдин жаңы түшүнүктөрү болуп эсептелген түшүнктөр менен категориялардын жардамы менен аныкталыуучу маселе. Экинчи жагынан, биз байкагандай философия саясий жубулун процесстерге баа берүүдөн кандайдыр бир деңгээлде алыстап калды. Америкалык философиянын курамындагы инструментализм, неопозитивизм, персонализм сыяктуу багыттардын контекстинде саясат белгилүү бир практикалык муктаждыктарга багытталган илимий ойломдун, көз-караштардын системасы болуп калды. Тагыраак айтканда саясат прикладдык мүнөзгө ээ болуп натыйжада, саясий реалдуулукка ой жүгүртүүнүн академиялык формаларынын баасын төмөндөтүп жиберди. Коомдук жашоонун бардык көрүнүштөрүнө саресеп салуунун жогорку деңгээли мурункудай эле философиянын бир бөлүгү катары кала берээри айдан ачык. С.Хантингтондун мисалында саясатчынын салттуу саясий илимдин чегинен чыгуу аракети көрүнүп турат. Натыйжада практикалык политология үчүн мүнөздүү болбогон жалпы категориялды колдонууда так эместик, кетирилген катачылыктар байкалат. Россиялык саясатчы А.Дугин айткандай тигил же бул саясий процессти изилдөөдө анын курамын түзгөн факторлордун ролун көгөрө чалуу же болбосо жасалмачуулук көбүрөөк орун алган. Албетте, философия да кайсы бир учурда мамлекет менен саясаттын практикалык муктаждыктарына баш ийип калбайт деп эчким кепилдик бере албайт. Бул советтик философиянын мисалында айдан-ачык көрүнгөн. Бирок, баарыбызга жакшы маалым болгондой мындай баш ийүүчүлүк эмнеге жеткирди – чындыктан, акыйкат жана аны издөөнүн объективдүү методдорунан алыстоого алып келди.

Экинчи жагынан, моюнга алуучу нерсе, саясий маселелерди ушундай өнүттө изилдөө чындыктан, баш тартуу дегенди билдирбейт. Саясий кырдаалдардын болуп көрбөгөндөй ылдам өнүгүүсү, тез алмашуучу процесстер глобалдык жана чакан этникалык мүнөздөгү чыр-чатактарды бара-бара цивилизациялык тиешелүүлөктөргө алып келиши мүмкүн. Бирок Хантингтон маданият таануу жаатындагы адис болбогондуктан ал көрсөткөн цивилизациялардын салыштырмалуу так чектеринде жаңылып калуусу мүмкүн эле, бирок бул жерде башка нерсе маанилүү, маңызы боюнча бул окумуштуу жаңылган эмес. Анткен себеби баарыбызга белгилүү болгондой Батыш, Кытай, Япония, Россия, экономикалык жана аскердик жааттагы кубаттуу дүйнөлүк мамлекеттер мындан ары Хантингтон билдирген жалпы жоболор жана принциптерге ылайык өзүнүн саясатын жүргүзөт. Бирок, ушул эле учурда этникалык саясат тарыхтын көз жаздымында калат деп кооптонууга негиз жок. Мамлекеттер ортосундагы көп кырдуу мамилелер жүрүп пайда болуп турганда кандай гана болбосун мындай көрүнүштүн болушу мүмкүн эмес. Арийне, цивилизациялардын карама-каршылыгы шартында этникалык саясат белгилүү бир деңгээлде трансформацияларга дуушар болуусу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Этникалык саясаттын бирден-бир маанилүү фактору катары тил эсептелет. Майкл Шадсон белгилегендей: «Тилдин маанилүүлүгүн баалабай коюуга болбойт. Тил, адамзат баарлашуусунун негизги каражаты катары кызмат кылат. Массалык байланыштардын калган бардык каражаттары ушул фактордун жардамы аркылуу гана жүзөгө ашат. Башка эч бир каражат адамзат баарлашуусуна ушунчалык терең кире албайт. Тил маалымат алуунун көмөкчү компоненти эмес, тескерисинче зор кубаттуулукка ээ болгон маданияттын объектиси» [2, 84-б.].

«Тил, - окумуштуу белгилегендей, – бул колдонулуучу жана анын алып жүрүүчүлөрүнүн макулдугун чагылдырган, маданияттын реалдуулугун өзүнө камтыган кандайдыр-бир көшөгө катары каралат. Тилди үйрөнүү лингвистикалык кодду өздөштүрүүнү эле эмес, маданий тажрыйбанын топтолгон фондуна да уруксат алууну түшүндүрөт. Коомдун кабыл алган тилин билүү анын фонетикалык, синтаксистик жана семантикалык эле эмес, прагматикалык эрежелерин да түшүнүүнү билдирет» [2, 82-б.].

Тил бардык коммуникативдик активдүүлүктө борбордук орунду ээлейт. Ал бирдей ченемде сырткы дүйнөнү уюштуруу жана курамдаштыруусунун, тажрыйба берүүнүн каражаты катары каралат жана баарлашуу процессинин катышуучуларынын ортосундагы маалыматтын негизги «коштоочусу» катары кызмат кылат. Тилдин мүнөздүү конструкцияларында аны алып жүрүүчүлөргө мүнөздүү болгон ойлонуу образынын элементтери камтылган [3]. Ойлонуу образынын өзү индивидуалдуу жана этникалык тажрыйба менен катар белгилүүбир деңгээлде тилдин конструк-

тивдүү, лексикалык, семантикалык жана фонетикалык өзгөчүлүктөрү, мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталат. Андан сырткары, тил элдин интеллектуалдык рухий болмушу жүзөгө ашкан семантикалык талаага «чоочундардын» кирүүсүнүн табигый тосмосу болуп эсептелет. Социалдык карым-катнаштын бул тилдик реалдуулугу көпчүлүк учурда кабыл алуучу коомдун тил билүүсү чектелген чоочундардын жашыруун дискриминациясы кызматын аткарат. Жана тескерисинче, тилди өздөштүрүү «негизги агымды» жеткиликтүү кылуусун жана социалдык статусту жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн ачып берет [4].

Этникалык саясаттын бирден-бир маанилүү негизи катары маданияттын өзү эсептелет, ал эми органикалык бөлүгү катары биз жогоруда караган тилди айтсак болот. Биздин шартта материалдык жана рухий баалуулуктардын жыйындысы катары каралган, конкреттүү этностун салыштырмалуу башкаларга ийкемдүү жана автономдуу руханий системасында жүзөгө ашкан маданият өзүнө адамзаттын жашоо ишмердүүлүгүнүн уюштуруусунун жана өнүгүүсүнүн спецификалык ыкмасын өзүнө камтып турат. Өзүнө эволюциялык жол менен өнүгүү системаны дайыма камтуу менен маданият бир эле убакта социалдык жашоонун бардык негизги көрүнүштөрүндө өзгөрүү шартын камсыз кылат. Рухий чөйрөдө маданият рухийликтин ар кыл формаларын ал маселен: билимдер, нормалар, идеалдар, ишмердүүлүктөрдүн жана жүрүм-турумдардын, идеялардын жана гипотезалардын, ишенимдердин, социалдык максаттардын жана баалуулук багыттарынын ж.б.у.с. көп кырдуу үлгүлөрү катары белгилүү. Жогоруда айтылгандар өзүнүн алар өнүгүүсүндө тарыхый топтолгон социалдык тажрыйбаны пайда кылышат. Маданият муундан муунга белгилүү бир ишмердүүлүктүк программаларын, адамдардын жүрүм-турумдарын жана баарлашуусун сактап, өткөрүп берет.

Макаланын сонунда белгилей кетүүчү нерсе, маданият адамдын бардык социалдык жашоосунун негизи, ал эми саясат болсо мамлекетте уюшулган элдердин өз ара карым-катнашынын жана өз ар иш-аракетинин спецификалык формасы болуп эсептелет. Бирок, маданият реалдуулукта спецификалык этникалык чектерге ээ болгон конкреттүүэтникалык маданият катары каралып, саясат бүтүндүн бир бөлүгү катары бүтүндүктүн көптөгөн чектерине ээ болот, бирок ал аркылуу аныкталат. Этникалык саясатка, албетте улуттун менталитети олуттуу таасирин тийгизет, биринчи жагынан, өзү активдүү түрдө маданий баалуулуктардын системасын калыптандырат, экинчиден – маданияттын продуктусу, көптөгөн социалдык, интеллектуалдык-рухий факторлордун иш-аракеттеринин үзгүлтүксүз натыйжасы катары каралат.

**Адабияттар:**


1. Хантингтон С. Столкновение цивилизаций? [Текст] / С.Хантингтон // Полис, 1994. - № 1. 33-б.
2. Культура и интеграция национальных обществ [Текст] // Международный журнал социальных наук, 1994. - № 3(6). - Август. 84-б.
3. Дугин А. Основы геополитики [Текст] / А.Дугин. - М., 1997.
4. Иманалиев М. Центральная Азия в системе совместной безопасности [Текст] / М.Иманалиев // Центральная Азия и Кавказ. - 1999. - № 3(4).
5. Маткаримов М.Т. Особенности социальной политики в демократическом обществе. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 2. С. 238-242.